**«Чөптүн тамыры жана адамзат коопсуздугу» Жапон Грант программасы**

Жапониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги

## «Чөптүн тамыры жана адамзат коопсуздугу» программасы тууралуу маалымат.

Жапон Тышкы иштер министрлиги калк арасында (башталгыч деңгээлде) өз ишин элдин пайдасы үчүн жүргүзүп жаткан ар кандай уюмдарга кайтарымсыз финансылык жардам берет.

Негизи, жабдууларды жана эмеректерди сатып алуу үчүн каражат чектелип, жабдык түрүндө жардам берилет.

■ **Гранттын суммасы:** Болжол менен 1,5 млн. иенден баштап 7 млн. иенге чейин (Болжолдуу эсеп менен айтканда 77,000 АКШ долларын түзөт. Грант АКШ доллары менен берилгендиктен, курстун өзгөрүшүнө караштуу сумманын өзгөрүүсү пайда болушу мүмкүн.)

■ **Максаттуу чөйрө:** Экологиялык абалды жакшыртуу, саламаттык сактоо жана билим берүү тармагын жакшыртуу, калктын кирешелерин жакшыртуу, жакырчылыкты азайтуу сыяктуу калк арасында ийгиликтүү жыйынтыкты алып келе турган экономикалык жана социалдык өнүгүү.

■ **Максаттуу эмес чөйрө:** Жеке пайда алуу максатындагы чөйрө ( Коомдук аялуу калкка жардам берүү үчүн жеке пайда алуу максаттан тышкары.)

■ **Максаттуу группалар:** Коммерциялык эмес уюмдар, жергиликтүү бейөкмөт уюмдар, кайрымдуулук фонддор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мектепке чейинки билим берүү органдары, жалпы билим берүү органдары, медициналык органдар

■ **Максаттуу эмес группалар:** Жеке адамдар, коммерциялык уюмдар, саясий, диний, аскердик уюмдар, Министрликтер жана ведомстволор

■ **Шарттары:**

- Акыркы эки жылдын финансылык отчетун тапшыруу мүмкүнчүлүгү болушу зарыл. Тапшырылган финансылык отчет боюнча минус же нөл көрсөткүчү болбошу керек (киреше - чыгаша < 0).
- Киреше, чыгаша жана бересеге караштуу финансылык абалды түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу зарыл.
- Долбоорду ишке ашыруу үчүн атайын банктан өзгөчө эсебин ачуу мүмкүнчүлүгүнүн болушу зарыл (Мамлекеттик органдар жана муниципалдык органдар бул маселе жөнүндө тиешелүү Мамлекеттик башкармасынан сурап билүү зарыл.)
- АКШ долларды кыргыз сомуна алмаштыруу убагында пайда болгон айырмасы минус болгон учурда, өз каражаты менен толуктоо мүмкүнчүлүгүнүн болушу зарыл.
- Грант түрүндө берилген ар кандай жабдууларга керектүү материалдарды сатып алуу, ошондой эле жабдууларды иштетүү, ремонт кылуу учун финансылык каражатынын бар болушу зарыл.

(Мисалы, ашкана жабдуусу-ашкана идиш аяк жуугуч машинасына атайын арналган идиш жуугуч каражаттарын сатып алуу финансылык мүмкүнчүлүгүнүн болушу зарыл.)

- Беш жыл ичинде, мезгил мезгили менен мониторинг өткөрүү мүмкүнчүлүгүнүн бар болушу зарыл.
- Грант катары берилген жабдуулар жергиликтүү калкка пайдасы тийүү зарыл.

**■ “Чөптүн тамыры жана адамзат коопсуздугу” гранттык программасынын тандоо тартибинин схемасы.**




1. Телефон, электрондук почта же болбосо жеке жолугуу аркылуу кеңеш алуу.

2. Грант алуучу Жапониянын Кыргызстандагы Элчилигине билдирмени тапшырат.

3. Тандап алуу тартиби 3 турду камтыйт. Биринчи тур: Билдирмени кабыл алуу жана Жапониянын Элчилиги тарабынан изилдөө.

4. Экинчи тур: Долбоордун жерине барып алдын ала изилдөө өткөрүлгөндөн кийин, Жапония Элчилиги тарабынан чечим кабыл алынат.

5. Жапония Тышкы иштер министрлиги акыркы чечимди кабыл алат.

6. Гранттык келишимине кол коюлат. (Жабдууларды сатып алуу жана камсыз кылуу)

7. Долбоор ишке ашырылат.

8. Грант алуучуларга карата аудиттик текшерүү өткөрүлөт.

9. Долбоорду аяктоо.

10. Жабдууларды өткөрүп берүү аземинин өткөрүлүшү.

11. Долбоор аяктагандан кийин, беш жыл бою Жапониянын Кыргызстандагы Элчилигине жыл сайын отчет жөнөтүү зарыл.

**Биз менен байланышуу:**

Кеңеш алуу үчүн телефон аркылуу же электрондук почта аркылуу биз менен байланышыңыз.Элчиликтин кеңсесинде кеңеш алсаңыз болот.
(Алдын ала телефон аркылуу байланышууңузду суранабыз)
Акбермет жана Айнура kusanone.kg@gmail.com
Дареги: Бишкек ш., Ташкент к. 35/1,
Телефон: 0312-375-515/516